Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип: Оо, Аллахтын Элчиси, милдет болгон негизги эки нерсе эмне? - деп айтты. Ал айтты: «Ким Аллахка шерик кошпой өлсө бейишке кирет, ал эми ким шерик кошуп өлсө тозокко кирет».@

Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип: Оо, Аллахтын Элчиси, милдет болгон негизги эки нерсе эмне? - деп айтты. Ал айтты: «Ким Аллахка шерик кошпой өлсө бейишке кирет, ал эми ким шерик кошуп өлсө тозокко кирет».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Бир киши Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзгөчө эки маселе туурасында сурады. Алар: Бейишке киргизген амал жана тозокко түшүргөн амал. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: "Бейишке киргизген нерсе - ал адам Аллахка сыйынып жана ага эч нерсени шерик кылбай өтүшү" - деп жооп берди. Ал эми тозокко түшүүгө себеп болгон нерсе - бул адам Аллахка шерик кошуп өлгөндө, бирөөнү Аллахка тең же Анын улухуятында, же рубубиятында, же Анын ысымдары менен сыпаттарында окшош деп эсептегенде болот.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65008